Түгөлбайдын жамгыры

Сөзү:Сарбагышова Динара
Обону: Бейшекеев Сыймык

Бир мезгил жолуктуруп өзүң менен,
Бирок да жолдорубуз бөлөк экен.
Жамгырда бирге болгон жаштык кезди,
Жоготпой сезимиме сактап келем.

Кайырма:
Табийгат жашып турат неге тынбай?
Төгүлөт Түгөлбайдын жамгырындай.
Арзууну жүрөктөгү эзген менен,
Ааламга жар саламын ырдай, ырдай.

Жамгырда чогуу басып атырган таң,
Түбөлүк чыкпай келет акылымдан.
Азыр да жамгыр төксө нөшөрлөтүп,
Тасмадай мезгил өтөт көз алдымдан.

Кайырма:

Окшотуп добушуңду сенин күлкүң,
Шыбыртың кулагыма бекем түйдүм.
Жамгырдан сени бөлүп карай албай,
Жалындап экөөңдү тең бирдей сүйдүм.

Кайырма: